**Ош мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинин Ош өсүмдүктөрдүн карантини лабораториясынын ортосунда өз ара кызматташуу боюнча**

**№ 16 КЕЛИШИМ**

Ош шаары «29» 03 2023 жыл

Ош мамлекеттик университетинин Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин 520200 Биология багытынын программа жетекчиси, б.и.к., доцент **Абдыкааров Абдиманнап Момунович**, мындан ары **«Ош МУ»,** Ош МУнун Уставын жана 520200 Биология багытынын мамлекеттик билим берүү стандартында көрсөтүлгөн талаптарды *(илимий-изилдөөчүлүк, илимий-өндүрүштүк, долбоорлорду уюштуруу, жаратылышты коргоо жана жаратылышты пайдаланууну башкаруу)* негиз кылуу менен жана Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинин Ош өсүмдүктөрдүн карантини лабораториясынын жетекчиси **Сабиров Батыр Зулумович,** мындан ары **«Мекеме»**, мекеменин илимий мекемелер менен кызматташуу боюнча «жобосунун» негизинде төмөндөгү **КЕЛИШИМ** түзүлдү:

## 1. Келишимдин предмети

1.1. Тараптардагы илимий жана окуу-усулдук потенциал, материалдык-техникалык база биргеликте ишмердүүлүктү жүргүзүүгө өбөлгө түзөт жана **Тараптардын** төмөнкү багыттарда узак убакытка жана өз ара пайдалуу кызматташуусу ишке ашат:

- илимий изилдөө жана илимий-өндүрүштүк ишмердүүлүк багыттарында кызматташуу;
- билим берүү, тарбиялык жана агартуучулук багыттарында биргеликте иш-чараларды (акцияларды) уюштуруу;
- биргеликте чыгармачылык жана илимий долбоорлорду ишке ашыруу;
- биргеликте жүргүзүлгөн илимий эмгектердин жыйынтыктарын илимий макалалар аркылуу мезгилдүү илимий журналдарга жарыялоо.

1.2. 520200 Биология багыты боюнча эмгек рыногуна компетенттүү адистерди даярдоого экинчи тараптын (**Мекеменин**) активдүү катышуусу камсыздалат.

## 2. Ош МУ милдеттенет:

1.1. 520200 Биология багытынын окуу планына жана графигине ылайык студенттерди жолдомо каттын негизинде өндүрүштүк практикага жөнөтүүгө;

1.2. өндүрүштүк практикага Ош МУ тарабынан бекитилген жетекчилер студенттердин коопсуздугун сактоого, студенттерге жекече тапшырмаларды берүү менен аларды контролдоого;
1.3. «Ош МУ» «Мекеме» менен биргеликте жүргүзүлгөн илимий иштердин жыйынтыктары боюнча илимий макалаларды жазууга жана мезгилдүү илимий журналдарга жарыялоого;
1.4. суденттердин өткөргөн практикаларынын жыйынтыктары боюнча жазган отчетторун жыйынтыктоочу конференциянда баяндоого.

**3. Мекеме милдеттенет:**

2.1. ОшМУнун 520200 Биология багытында окуп жаткан студенттердин өндүрүштүк практикаларын өтүүсү үчүн тиешелүү орун ажыратууга;
2.2. студенттерди лабораториялардагы жүргүзүлгөн иш-чаралар, лабораториялык жабдуулар, документациялар менен тааныштырууга;
2.3. студент-практиканттарга жетекчи адис дайындоого жана өткөргөн практикаларынын негизинде мүнөздөмө берүүгө;
2.4. 520200 Биология багыты боюнча негизги билим берүү программасын талкуу боюнча иш-чараларга катышууга жана сунуш-пикирлерин берүүгө.

**4. Келишимдин башка шарттары:**

4.1. Келишимдин шарттары Тараптардын конкреттүү сунуштарынын негизинде өз ара макулдашуулары аркылуу өзгөрөт.
4.2. Келишимди ишке ашыруудагы жаралган келишпестиктер өз ара сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет.
4.3. Келишим мамлекеттик тилде эки нускада түзүлүп (бир нускасы **«ОшМУда»**, экинчиси нускасы **«Мекмеде»** сакталат) тараптарга бирдей юридикалык күчкө ээ болот.
4.4. Келишим **Тараптардын** кол койгон күндөн баштап өз күчүнө ээ болот.
4.5. Келишим 5 жылдык мөөнөткө түзүлөт.

**Тараптардын юридикалык даректери:**

| | |
|---|---|
| Ош мамлекеттик университети<br>Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультети<br>723 500, Ош шаары, Н.Исанов көч., 77<br>Тел: +996 (3222) 4 35 25,<br>+996 (557) 205 512<br>E-mail: aabdykaarov@oshsu.kg<br>программа жетекчиси, доцент<br>________ **Абдыкаарова А.М.**<br>«29» ___03___ 2023 ж. | Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинин<br>Ош өсүмдүктөрдүн карантини лабораториясы<br>723500, Ош ш., Н.Исанов көчөсү, 42Б<br>Тел: +996(778) 026 589<br>E-mail: olkr21@mail.ru<br>Лаборатория башчысы<br>**Сабиров Батыр Зулумович**<br>«5» ___04___ 2023 ж. |